O'ZBEKISTON RESPUBLIKASI OLIY TA'LIM, FAN VA INNOVATSIYALAR VAZIRLIGI

ALISHER NAVOIY NOMIDAGI TOSHKENT DAVLAT O'ZBEK TILI VA ADABIYOTI UNIVERSITETI

# "ZAHIRIDDIN MUHAMMAD BOBUR MEROSINING SHARQ DAVLATCHILIGI VA MADANIYATI RIVOJIDA TUTGAN O'RNI"

## mavzusidagi III xalqaro ilmiy-nazariy va amaliy anjuman materiallari

**2026-yil 12-fevral**



Сканировано с CamScanner

**O‘ZBEKISTON RESPUBLIKASI OLIY TA’LIM, FAN VA INNOVATSIYALAR VAZIRLIGI**

**ALISHER NAVOIY NOMIDAGI TOSHKENT DAVLAT O‘ZBEK TILI VA ADABIYOTI UNIVERSITETI**

**O‘ZBEKISTON YOZUVCHILAR UYUSHMASI**

**BOBUR NOMLI XALQARO JAMOAT FONDI**

# ZAHIRIDDIN MUHAMMAD BOBUR MEROSINING SHARQ DAVLATCHILIGI VA MADANIYATI RIVOJIDA TUTGAN O‘RNI

III xalqaro ilmiy-nazariy va amaliy anjuman materiallari

**Toshkent – 2026**

# ЗАХРИДДИН МУХАММЕД БАБУР КЫРГЫЗ ОКУМУШТУУЛАРЫНЫН ИЗИЛДӨӨЛӨРҮНДӨ: ИЛИМИЙ КӨЗ КАРАШТАР ЖАНА КОНЦЕПЦИЯЛАР

# ZAHIRIDDIN MUHAMMAD BOBUR QIRGʻIZ OLIMLARINING TADQIQOTLARIDA: ILMIY QARASHLAR VA KONSEPSIYALAR

# ZAHIRIDDIN MUHAMMAD BABUR IN THE STUDIES OF KYRGYZ SCHOLARS: SCHOLARLY PERSPECTIVES AND CONCEPTS

**Алиева Фарида Эсеновна**
филол.и.к., доцент
*E-mail:* falieva62@mail.ru
Ош мамлекеттик университети
Ош, Кыргыз Республикасы
**DOI:** 10.52773/tsuull.conf.2026./ATXQ8135

**Аннотация.** *Макалада М.З.Бабурдун мурастарынын кыргыз окумуштуулары тарабынан изилдениши, багыттары, концепциялары каралды. Алардын эмгектериндеги илимий концепциялар салыштырылды. Ошондой эле жалпы жыйынтыктар берилди.*
**Ачкыч сөздөр:** *Чыгыш адабияты, М.З.Бабур, жылнаама, изилдөөчүлөр, маданий мурас, ренессанс, түрк адабияты, тарыхый-мемуардык эмгек.*

**Annotatsiya.** *Maqolada Zahiriddin Muhammad Bobur merosining qirgʻiz olimlari tomonidan oʻrganilishi, uning yoʻnalishlari va konsepsiyalari tahlil qilinadi. Ularning asarlarida ilgari surilgan ilmiy konsepsiyalar qiyosiy tarzda solishtiriladi. Shuningdek, umumiy xulosalar keltiriladi.*
**Kalit soʻzlar:** *Sharq adabiyoti, M.Z. Bobur, yilnoma, tadqiqotchilar, madaniy meros, Renessans, turkiy adabiyot, tarixiy-memuar asar.*

**Annotation.** *In M.Z.'s article, the directions and concepts of studying Babur's legacy by Kyrgyz scientists were considered. The scientific concepts in their works were compared. General conclusions were also presented.*
**Keywords:** *Oriental literature, M.Z.Babur, chronicle, researchers, cultural heritage, renaissance, Turkish literature, historical and memoir works.*

Захриддин Мухаммед Бабур белгилүү Могол империясын негиздөөчү, аскерий, мамлекеттик жетекчи, ошондой эле чыгаан жазуучу жана ойчул катары кыргыз жана жалпы эле Борбордук Азия илимпоздору тарабынан да ар тараптуу изилденип келген.

Адистердин айтымында, анын негизги эмгеги "Бабурнаме" материалдын байлыгы жана ар түрдүүлүгү, тили жана стили боюнча ошол

кездеги жылнаамачылар түзгөн ар кандай тарыхый хроникалардан жогору турат.

Чыгыш элдеринин адабиятынын тарыхында Захриддин Мухаммед Бабурдун өгөчө орду бар. Анын казалдары менен рубаилери, “Бабурнаме“ тарыхый-мемуардык эмгеги бизге жеткен. “Бабурнаме “ кол жазма түрүндө таркап, нускалары дүйнөнүн ири шаарларында сакталып турат. Чыгарманы табуу, изилдөө европалык жана орус окумуштуулары тарабынан башталган, 30дан ашуун тилдерге которулган. “Бабурдун беш кылымдык тарыхка ээ орток түрк адабий тилинде жазылган “Бабурнамеси” түрк дүйнөсүнүн гана эмес, бүткүл адамзаттын маданий кенчи болуп саналат” [Эшиев, 2007: 255].

“Бабурнаме” кыргыз тилине Төлөгөн Козубеков тарабынан которулган. Бабурдун өмүр баянын жана чыгармачылыгын изилдөө иштери кыргыз адабиячылары тарабынан да колго алынган. Алардын алгачкыларынын бири филология илимдеринин кандидаты, профессор Жээналы Шериев болгон. Ал 1996-жылы чыккан “Байыркы орток түрк адабияты” деген хрестоматияда жана 2000-жылы чыккан “Байыркы адабият тарыхы” окуу китебинде Захриддин Мухаммед Бабурдун чыгармачылыгын ар тараптуу ачып берген.

Ж.Шериев “Байыркы орток түрк адабияты” (1996) деген аталыштагы окуу жайлардын студенттерине, мектеп мугалимдерине арналган хрестоматиянын кириш сөзүндө: “Кыргызстандын тарыхында биринчи жолу Байыркы түрк доорунун, XX кылымдын башына чейинки мезгилдин адабияты жөнүндө мыйзамдуу сөз жүрүп, аны окуп-үйрөнүүиши башталганына араң үч жылга эми аяк салды Өлкөнүн эгемендүү болушу менен бизде түрк калктарына жалпы таандык, орток көркөм мурастар жөнүндөгү коомдук пикир мыйзамдуу нукка түштү, аларды окурмандарга жеткирүү максаты күч алып, иликтөө иши да жанданды”, – дейт [Шериев, 1996: 3]. Демек Бабурдун чыгармачылыгын изилдөө республикада 1990-жылдардан баштап активдешкен десек болот.

Колдо болгон материалдарга таянсак, кыргыз окумуштууларынын изилдөөлөрүндө М.З.Бабурдун адабий мурастары илимий жана тарыхый мааниси бир нече багытта каралган:

1. “Бабурнаме” – тарыхый жана маданий булак катары;
2. Лингвистикалык жана маданият аралык байланыштын предмети катары;
3. Кыргыз тилиндеги котормолору жана адабий байланыштагы орду;
4. Бабурдун жана анын мурастарынын Борбордук Азиянын тарыхындагы ролу.

Макаланы жазууда пайдаланылган , З.М.Бабурдун адабий мурастарын изилдеген кыргыз окумуштууларынынын эмгектерин төмөнкү таблицада көрсөттүк:

| № | ЭМГЕКТИН АВТОРУ (түзүүчүсү) | ЭМГЕКТИН АТАЛЫШЫ | БАСЫЛЫШЫ БОЮНЧА МААЛЫМАТТАР |
|---|---|---|---|
| 1. | Шериев Жээналы | Байыркы орток түрк адабияты: Байыркы доор жана орто кылымдар мезгили. Хрестоматия. | Бишкек, 1996 |
| | | Байыркы адабият тарыхы | Бишкек – Ош.: 2000 |
| 2. | Ибраимов Осмонакун | Бабур жана тоолук кыргыздар. https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_history_babur/24771785.html.2012.11.15 | Электрондук ресурс |
| | | Бабур и кыргызы (историческое эссе). https://centrasia.org/newsA.php?st=1171145400 15 февраля 2006 | Электрондук ресурс |
| | | Араб жана фарси миниатюраларындагы кыргыздар https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_history/24793133.html. 8-декабрь, 2012 | Электрондук ресурс |
| 3. | Алиев Асылбек | Город Ахсикет и сопредельные регионы в конце XV и начале XVI веков (по мат-лам “Бабур-наме” и других средневековых источников) | Материалы междунар. науч. конф., посвящ. 20-летию независимости Республики Казахстан. – Алматы, 2011. – С. 75–80. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Город Ош и Бабур | Вестник ОшГУ. – 2005. − № 4. – с. 108–111. |
| | | Досуг Бабура | Всѐ про Ош. – Вып. 2 // Ош на пороге XXI века: из глубин истории в цивилизованное будущее: Мат-лы междунар. конф. Ош, 9–12 октября 1997 г. – Ош, 1998. |
| | | Мухаммед Бабур – выдающаяся личность, государственный деятель, поэт и мыслитель тюркских народов | Мат-лы междунар. Соц.-науч. Конгресса. Джалал-Абад, 25–26 май, 2008 г. – Джалал-Абад, 2008. – с. 13–18. |
| | | Мухаммед Бабур – личность эпохи Среднеазиатского Ренессанса. | Бишкек, 2000. |
| | | Мухаммед Бабур и его лучший друг Ходжа и Калан | Индия и Кыргызстан: Взаимодействие цивилизаций: мат-лы междунар. науч. конф. // Вестник ОшГУ. – Ош, 2004. – с. 17–19. |
| | | Мухаммед Бабур о национальной борьбе народов Центральной Азии (по мат-лам “Бабур-наме”) | Вопросы гуманитарных наук. – М., 2005. – № 5 (20). – с. 47–49. |
| | | Феномен Восточного Ренессанса | Бишкек, КРСУ, 2011 |
| | | Мухаммед Бабур: личность, деяния, эпоха | Ош; Бишкек: Изд-во КРСУ, 2012. |
| | | Образ Алишера Навои в представлении Бабура (по | Вопросы теории и практики. Сер. Ист., филос., полит. и |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | мат-лам “Бабур-наме”) | юр. науки… – Ч. I. – Тамбов, 2012. – № 9 (23). – с. 22–25. |
| | | Отношение к женщинам основателя династии Великих Моголов (по мат-лам «Бабур-наме») | Вопросы теории и практики. Сер. Ист., филос., полит. и юр. науки… – Ч. II. – Тамбов, 2012. № 9 (23). – с. 15–18. |
| | | Исламские ученые средневекового Узгенда (на мат-лах “Бабур-наме”) *(Авторлошу: Ажимаматов З.)* | // Мат-лы междунар. науч.-практ. конф., посвящ. 70-летию проф. К. Матикеева. – Ош, 2012 – С. 126–129. |
| | | Знаменитый потомок о своем великом предке (“Записки Бабура” о Тимуре) *Авторлошу: Арапова Э.* | Мат-лы I регион. Науч.-практ. конф. по проблемам соц.-экономич. И культ. развития, посвящ. 3000-летию . – Ош, 1997.– с. 73–79. |
| | | | |
| | | Мухаммед Бабур как отец и наставник *(Авторлошу: Боронбаев А.)* | Кыргызстан и Индия: взаимосвязь цивилизаций: Мат-лы междунар. конф. (К 10-летию установления дипломатических отношений и международному году гор). – Ош, 2002. – С. 5–8. |
| | | Захир ад-дин Мухаммед Бабур и Шейбани хан (по мат-лам “Бабур-наме”) *Авторлошу: Жоробеков Т.* | Вестник ЖАГУ. Сер. гуманит. и общест. наук. – Джалал-Абад, 2001. – № 2. – С. 89–93. |
| | | Средневековые завоеватели и правители Северной Индии (по материалам “Бабур-наме”) | Индия – Кыргызстан: взаимодействие цивилизаций (к 140-летию Рабиндраната |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | *Авторлошу: Жоробеков Т.* | Тагора): Мат- лы междунар. Науч. Конф. Ч. II. – Ош, 2001. – С. 3–7 |
| | | О болезнях Бабура и способах их лечения (по мат-лам "Бабур-наме") *Авторлошу*: *Шерматов А.* | Актуальные проблемы естественных, гуманитарных и технических наук: Мат- лы респ. науч.-теорет. конф. – Кызыл-Кия, 2003. – С. 145–147. |
| | | Чыгыш ренессансы: Кыргызстандын жана чектеш аймактардын тарыхый-маданий өнүгүүсүндөгү ролу | Бишкек, 2016 |
| 4. | Эшиев А. | Орто түрк доор адабиятынын таңкы жылдыздары | Матер. междун. научно-теор. конфер. Бишкек, Билим жана тарбия, 1-2 (5-6) 2005 |
| | | Хорезми жана орто кылымдык чыгыш поэзиядагы типологиялык процесстер. Респуб. илимий-прак. конф. матер. Каракол, 2005. *Авторлошу: Матамарова А.* | Респуб. илимий-прак. конф. матер. Каракол, 2005. |
| | | Байыркы чыгыш тексттери жана андагы түркий поэзиянын үлгүлөрү | Социально-гуманитарные науки, Бишкек, 2006. |
| | | Орто түрк доорундагы педагогикалык ойлор *(XV-XVI к.к. орто түрк доор түркий ренессансындагы педагогикалык ойлор)* | Бишкек, 2006 |
| 5. | Абдыкадырова С.Р. | Номинанты межкультурный концептов в тексте "Бабуа- | Бишкек, 2022 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | наме” | |

Биз макаланын максат-милдетине жана талап кылынган көлөмүнө ылайык жогорудагы тизмедеги 4 окумуштуунун (Ж.Шериев, О.Ибраимов, А.Алиев, А.Эшиев) З.М.Бабур боюнча изилдөөлөрүнө токтолуп, алардын илимий көз караштарын жана концепцияларын салыштырдык. Ал эми С.Абдыкадырованын илимий эмгектери тууралуу кийинки макалада сөз козголмокчу.

Ж.Шериев - Захриддин Мухаммед Бабурду орток түрк адабиятынын ири өкүлү катары изилдөөгө алып, анын Чыгыш адабиятындагы татыктуу ордун белгилөөгө кыргыз окумуштууларынын ичинен алгачкылардан болуп киришкендердин бири. Шериевдин концепциясынын өзөгү — Бабурду орто кылымдык чыгыш адабиятындагы автобиографиялык көркөм ой жүгүртүүнүн классикалык үлгүсү катары түшүндүрүү.

Ж. Шериев Бабурду биринчи кезекте *«Бабурнаме»* аркылуу талдайт. Анын позициясы боюнча, “Бабурнаме” – тарыхый хроника гана эмес, автордук “менге” негизделген көркөм-адабий текст. Бул жерде Шериев Бабурду расмий жылнаамачылардан, салттуу тарыхчылардан айырмалап көрсөтөт. Бабур – өз өмүрүн көркөм аң-сезим менен баяндаган инсан, негизги категория – автордук “мен”. Ал төмөнкүлөрдү баса белгилейт: Бабур өзүн идеалдаштырбайт, жеңилүүлөрүн, каталарын ачык баяндайт, эмоциясын, психологиялык абалын жашырбайт. Бул өзгөчөлүк Бабурду орто кылымдык чыгыш адабиятында жаңы инсандык деңгээлге чыгарат. Ж. Шериев Бабурдун тексттеринде тарыхый чындык менен көркөм чындыктын айкалышына өзгөчө көңүл бурат.

Анын концепциясында факт – баяндын негизи, көркөм сүрөттөө – фактыга маани берүүчү механизм. Ошондуктан *«Бабурнаме»* – кургак документ эмес, адабий ой жүгүртүүнүн формасы. Шериев Бабурду акын, ойчул, башкаруучу ролдорун бириктирген инсандык тип катары чечмелейт. Бул жагынан ал Бабурду Чыгыштагы акын-падыша моделинин эң реалдуу жана психологиялык терең варианты деп эсептейт. Бул аны таза тарыхый фигура катары гана эмес, адабий аң-сезимдин субъектиси катары изилдөөгө жол ачат, кыргыз адабият таануусунда “Бабурнамени”мемуардык жана көркөм жанрдын кесилишинде кароону негиздейт [Шериев, 2000: 89]. Окумуштуунун концепциясында Захириддин Мухаммад Бабур орто кылымдык чыгыш адабиятында автордук “менге” негизделген көркөм-автобиографиялык ой жүгүртүүнү жүзөгө ашырган, тарыхый чындык менен көркөм аң-сезимди айкалыштырган инсандык феномен катары бааланат.

Кыргыз адабият таануучусу, академик О. Ибраимовдун илимий эмгектеринде Захириддин Мухаммад Бабур негизинен маданий-тарыхый

жана руханий-инсандык феномен катары чечмеленет. Ибраимов Бабурду тарыхый фигура же поэтикалык автор катары гана эмес, чыгыш ренессансынын (маданий ойгонушунун) өкүлү катары кароону сунуштайт. Академик О. Ибраимовдун концепциясында негизги тезис төмөнкүчө: Бабур – Темурийлер доорунда калыптанган чыгыш ренессанстык аң-сезимдин мураскери жана улантуучусу. Бул позицияда Бабур Алишер Навои, Улугбек, Абдурахман Жами сыяктуу инсандар менен бир маданий-интеллектуалдык доордун өкүлү катары каралат. Бабурдун универсалдуулугу (акын, аскер, ойчул, башкаруучу) Ибраимов үчүн – ренессанстык типтин негизги белгиси. Окумуштуу “Бабурнамени” тарыхый документ катары гана эмес, маданий эс тутумду сактаган текст катары чечмелейт. Анын пикиринде, Бабур өз доорунун саясий окуяларын гана эмес, адамдардын мүнөзүн, салт-санаасын, руханий абалын кагазга түшүрүү аркылуу цивилизациялык портрет жараткан. Ошондуктан *«Бабурнаме»* – орто кылымдык чыгыш дүйнөсүнүн маданий энциклопедиясы. Ибраимов Бабурдун тексттеринен адам тагдырына боорукерлик, адилет башкарууга умтулуу,зордук-зомбулукка сынчыл мамиле сыяктуу гуманисттик идеяларды бөлүп көрсөтөт. Бул жерде Бабур салттуу аскер башчыдан адамды борборго койгон ойчулга айланат. Ибраимов үчүн Бабур – чыгыш гуманизминин практикалык мисалы. Окумуштуу Бабурдун образын инсандык эрк, тарыхый шарт, тагдыр фактору арасындагы диалектикалык байланышта талдайт. Анын концепциясында Бабур тарыхка баш ийген эмес, ошол эле учурда тарыхты аң-сезимдүү түрдө түшүнгөн инсан. Бул Бабурдун трагедиялуулугун да, улуулугун да аныктайт. О. Ибраимов Бабур концепциясына маданий-философиялык көз караш киргизет. Бабурду регионалдык же этностук чектөөдөн чыгарат, бул аны жалпы адамзаттык маданий процесстин субъектиси катары кароого мүмкүндүк берет. Захириддин Мухаммад Бабур Темурийлер доорунда калыптанган чыгыш ренессанстык маданияттын универсалдуу өкүлү, “Бабурнаме” аркылуу орто кылымдык чыгыш дүйнөсүнүн маданий эс тутумун сактаган, гуманисттик ой жүгүртүүнү иш жүзүндө айкалыштырган инсандык феномен катары бааланат [Ибраимов, 2012].

Алиев А. – Борбордук Азиядагы белгилүү тарыхый булактар – *«Бабур-наме»* жана *«Тузуки Темурий»* сыяктуу эмгектердин материалдары боюнча З. М. Бабурдун тарыхый фигурасын иликтеген бир канча илимий иштерди жарыялаган кыргыз илимпозунун бири болуп саналат. Анын илимий изилдөөлөрүндө Захириддин Мухаммад Бабур тарыхый инсан гана эмес, орто кылымдык түрк-чыгыш цивилизациясынын көп катмарлуу феномени [Алиев, 2012] катары каралат. Алиевдин концепциясынын өзөгү – Бабурду тукум-тек, этностук, саясий жана маданий контексттердин кесилишинде турган фигура катары чечмелөө.

А. Алиевдин негизги концептуалдык тезиси: Бабур — Темурийлер династиясынын саясий жана маданий салтын уланткан легитимдүү мураскер. Бул позиция төмөнкү булактарга таянат: *Бабурнаме», «Тузук-и Темурий»,* орто кылымдык тарыхый хроникалар. Алиев Бабурдун өзүн Амир Темурдун тукуму катары аң-сезимдүү түрдө сезгенин, бул генеалогия анын саясий легитимдүүлүгүнүн негизи болгонун көрсөтөт [Алиев, 2016: 244]. Демек, Бабурдун мамлекеттик ишмердүүлүгү – тарыхый мураска таянган системалуу процесс.

Алиевдин эң талаштуу, бирок маанилүү багыты – Бабурдун этностук маселеси. Анын корутундусу боюнча, Бабур түрк (чагатай) чөйрөсүнүн өкүлү, анын тили, маданияты, поэтикалык дүйнөсү түрк негизде калыптанган, перс маданияты менен байланыш – цивилизациялык өз ара таасирдин натыйжасы, бирок этностук өзөктү өзгөртпөйт. Бул жерде Алиев тилдик анализге , өздүк этникалык аталыштарга, өзүн-өзү таанууга таянат. Окумуштуунун концепциясында «Бабурнаме» көркөм текст эле эмес, ишенимдүү тарыхый булак катары бааланат. Ал төмөнкүлөрдү өзгөчө белгилейт: фактылардын хронологиялык тактыгы; географиялык маалыматтардын деталдуулугу; автордук субъективдүүлүктүн ачык айтылышы. Бул өзгөчөлүктөр «Бабурнамени» орто кылымдагы Чыгыш тарыхында уникалдуу автобиографиялык хроника деңгээлине чыгарат. Алиев Бабурду синтездик инсан катары мүнөздөйт. Анын концепциясында Бабур: аскер башчы, мамлекеттик ишмер, акын, ойчул, тарыхчы ролдорун бирдей алып жүргөн фигура [Алиев, 2016: 329]. Бул сапаттар Бабурду Чыгыштагы салттуу «акын-башкаруучу» моделинин эң толук ишке ашкан мисалы кылып көрсөтөт. Бабурду улуттук же регионалдык чектөөгө каршы чыгат, аны түрк-чыгыш дүйнөсүнүн орток цивилизациялык феномени катары чечмелейт [Алиев, 2008], Бабурду этникалык, тарыхый жана маданий талаштардын объектиси эмес, илимий реконструкциянын предмети катары сунуштайт.

Ал эми филология илимдеринин доктору А.Эшиевдин “Орто түрк доор адабиятынын таңкы жылдыздары” эмгегинде Бабурду Орто түрк адабиятынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири катары караган [Эшиев, 2005]. Изилдөө Бабурдун чыгармалары менен Орто түрк поэзиясы, адабий тили жана руханий-маанилүү идеялардын өз ара байланыштары жөнүндө салыштырмалуу талдоого негизделген. Бул талдоо орто кылымдагы түрк маданиятынын интеллектуалдык жана эстетикалык өнүгүүсүнө Бабурдун салымы кандай болгонун түшүнүүгө жардам берет.

Эшиев Бабурга түз мүнөздөмө бербестен, анын поэзиясына тиешелүү типологиялык белгилерди сүрөттөйт. Бул белгилер Бабурга толук шайкеш келет. Ал орто кылымдык поэзияга мүнөздүү жол, тагдыр, руханий сыноо, дүйнөнүн өткөөлдүгү сыяктуу мотивдерди талдап, бул система XV–XVI кк. поэзиясында да сакталганын белгилейт. Бул түздөн-түз Бабурдун

лирикасына жана “Бабурнаменин” философиялык катмарларына туура келет. Эшиев үчүн маанилүү ой:орто кылымдык чыгыш адабиятында лирикалык “мен” менен тарыхый баян айкалышып кетет. Бул ой Хорезмиге карата айтылат, бирок типологиялык уландысы катары Бабурдун “Бабурнаме” феномени түшүндүрүлөт. Демек, Эшиев Бабурду көркөм хроника менен поэтикалык аң-сезимди бириктирген типологиялык кийинки баскыч катары кабыл алат. Орто кылымдык чыгыш поэзиясы XV–XVI кылымдарда өзүнүн жогорку синтезине жетет. Бабурда — тарыхый-автобиографиялык аң-сезим менен коштолгон поэтика түрүндө көрүнөт. Башкача айтканда, Бабур — орто кылымдык чыгыш поэзиясынын соңку, бирок жогорку типологиялык формасы. Ал аны орто кылымдык чыгыш поэтикасынын мыйзам ченемдерин сактаган, бирок тарыхый аң-сезими күчөгөн доордун өкүлү катары түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет. А. Эшиев Бабурду өзүнчө талдоо объектиси катары эмес,орто кылымдык чыгыш поэзиясында калыптанган типологиялык процесстердин XV–XVI кылымдардагы жетилген уландысы катары түшүндүрөт.

А. Эшиевдин *«Хорезми жана орто кылымдык чыгыш поэзиядагы типологиялык процесстер»* аттуу эмгеги орто кылымдык чыгыш адабиятына салыштырма-типологиялык ыкма менен мамиле кылган изилдөөлөрдүн катарына кирет. Бул концепцияда Бабур өзүнчө борбордук объект катары атайын кеңири талданбаса да, орто кылымдык чыгыш поэзиясынын типологиялык системасындагы маанилүү фигура катары кыйыр, бирок теориялык жактан так аныкталат.

А.Эшиев орто кылымдык чыгыш поэзиясына мүнөздүү бир катар туруктуу белгилерди аныктайт. Бул белгилер толук түрдө Бабурдун поэзиясына жана *«Бабурнаме»* чыгармасына дал келет. Окумуштуунун концепциясында орто кылымдык чыгыш адабиятынын маанилүү өзгөчөлүгү — лирикалык аң-сезим менен хроникалык баяндын айкалышы [Эшиев, 2005: 7]. Бул көрүнүш Хорезминин поэзиясында башталып, Бабурда жаңы формада уланат. *“Бабурнаме”* тарыхый документ,ошол эле учурда поэтикалык жана философиялык текст катары типологиялык процесстин жогорку баскычын көрсөтөт. Бабурда — поэтика менен тарыхый аң-сезимдин синтези. Демек, Бабур Эшиевдин көз карашында орто кылымдык чыгыш поэзиясынын типологиялык мүмкүнчүлүктөрүн толук ачып берген, анын соңку, бирок жогорку формасын чагылдырган фигура.

А. Эшиевдин илимий корутундусу боюнча, Бабур орто кылымдык чыгыш поэзиясында калыптанган типологиялык процесстердин XV–XVI кылымдардагы жетилген уландысы болуп саналат; ал поэтикалык салтты сактоо менен бирге, тарыхый-автобиографиялык аң-сезимди күчөтүү аркылуу бул салттын жогорку синтезин жүзөгө ашырган.

А.Алиев менен А.Эшиевдин З.М.Бабурга байланыштуу концепцияларын төмөндө белгиленген параметрлер боюнча салыштырдык:

| Параметрлер | Эшиевдин концепциясы | Алиевдин концепциясы |
|---|---|---|
| Концепциялык багыт | Салыштырма-типологиялык, поэтикалык | Тарыхый-генеалогиялык, цивилизациялык |
| Изилдөөнүн негизги объекти | Орто кылымдык чыгыш поэзиясындагы типологиялык процесстер | Захириддин Мухаммад Бабур — тарыхый инсан жана маданияттын ири өкүлү |
| Бабурдун статусу | Орто кылымдык чыгыш поэзиясынын типологиялык уландысы | Темурий салтынын мураскери, синтездик инсан |
| Методология | Салыштырма-типологиялык анализ, поэтикалык моделдерди салыштыруу | Булак таануу, генеалогиялык, тарыхый-филологиялык анализ |
| Негизги суроо | Бабур орто кылымдык чыгыш поэтикасынын кайсы баскычын чагылдырат? | Бабур этностук, саясий, маданий жактан ким болгон? |
| Поэзияга мамиле | Бабур поэзиясы — орток чыгыш поэтикасынын жетилген формасы | Бабур поэзиясы — түрк (чагатай) маданий чөйрөсүнүн жемиши |
| “Бабурнамеге” көз караш | Поэтика менен хроникανын синтези катары (типологиялык феномен) | Ишенимдүү тарыхый-автобиографиялык булак катары |
| Автордук “мен” маселеси | Лирикалык “мен” менен тарыхый баяндын айкалышы | Автордук субъективдүүлүк — тарыхый баалуулук |
| Бабурдун жаңычылдыгы | Жаңы система эмес, салттын жогорку формасы | Темурий салтын жаңы тарыхый шартта уланткан |
| Этностук аспект | Өзүнчө маселе катары коюлбайт | Борбордук маселе: Бабур — түрк (чагатай) чөйрөсүнүн өкүлү |
| Цивилизациядагы | Орто кылымдык чыгыш адабиятынын соңку | Түрк-чыгыш цивилизациясынын көп |

| | | |
|---|---|---|
| орду | синтези | кырдуу феномени |
| Илимий жыйынтык | Бабур — орто кылымдык поэтикалык системанын логикалык уландысы | Бабур — тарых, адабият жана мамлекеттик ишмердиктин синтези |

Жыйынтыктап айтканда, А. Эшиев Бабурду орто кылымдык чыгыш поэзиясында калыптанган типологиялык процесстердин жетилген уландысы катары түшүндүрсө, А. Алиев Бабурду темурийлердин саясий-маданий салтын уланткан, түрк этномаданий чөйрөсүндө калыптанган, тарыхый жана инсандык жактан көп кырдуу феномен катары чечмелейт. Жогоруда аталган кыргыз окумуштууларынын эмгектеринде Бабур жана анын мурастары төмөнкү багыттарда иликтенген:

- адабий-инсандык **(Шериев);**
- маданий-философиялык **(Ибраимов);**
- поэтикалык-типологиялык **(Эшиев);**
- тарыхый-цивилизациялык **(Алиев).**

Бул концепциялардын жыйындысы Бабурду орто кылымдык чыгыш дүйнөсүнүн поэтикалык, тарыхый, инсандык жана гуманисттик өлчөмдөрүн бириктирген көп кырдуу феномен катары ачып берет.

**Адабияттар:**

1. Алиев А. Мухаммед Бабур – выдающяся личность, государственный деятель, поэт и мыслитель тюркских народов. Мат-лы междунар. Соц.-науч. конгресса. Джалал-Абад, 25–26 май, 2008 г. с. 13–18.
2. Алиев А. Мухаммед Бабур: личность, деяния, эпоха. Ош; Бишкек: Изд-во КРСУ, 2012.
3. Алиев А. Чыгыш ренессансы: Кыргызстандын жана чектеш аймактардын тарыхый-маданий өнүгүүсүндөгү ролу.- Бишкек, 2016.
4. Байыркы орток түрк адабияты: Байыркы доор жана орто кылымдар мезгили. Хрестоматия. Түзгөн Ж.Шериев.-Б.: 1996..
5. Ибраимов О. Бабур жана тоолук кыргыздар. https://www.azattyk.org/a/kyrgyzstan_history_babur/24771785.html.2012.11.15
6. Ибраимов О. Бабур и кыргызы (историческое эссе). https://centrasia.org/newsA.php?st=1171145400
15 февраля 2006
7.Шериев Ж. Байыркы адабият тарыхы. Бишкек-Ош.: 2000.
8. Эшиев А. Орто түрк доорундагы педагогикалык ойлор. –Б.:2007.
9. Эшиев А. Орто түрк доор адабиятынын таңкы жылдыздары. Матер. междун. научно-теор. конфер. Бишкек, Билим жана тарбия, 1-2 (5-6) 2005.

10. Эшиев А. Матамарова А.Хорезми жана орто кылымдык чыгыш поэзиядагы типологиялык процесстер. Респуб. илимий-прак. конф. матер. Каракол, 2005.